## УЛУТТУК БАНКТА

# «ДҮЙНӨЛҮК АКЧА ЖУМАЛЫГЫ» ӨТҮҮДӨ

*Учурда Кыргызстанда «Дүйнөлүк акча жумалыгы» өтүүдө. Мындай масштабдуу кампания жылыга дүйнөнүн 100дөн ашык мамлекеттеринде өткөрүлөт. Бул кампаниянын алкагында, Кыргызстандын алыскы айылдары менен биргеликте интерактивдүү окутуучу иш-чаралар, семинар, конференция жана балдар менен жаштар арасындагы сынактар өткөрүлөт.Ошондой эле бул кампанияда калктын калың катмарын камтуу үчүн финансылык мекемелер, эл аралык уюмдар жана ассоциациялар катышууда.*

«Бүгүнкү жаштар – эртеңки жетекчилер, ошондуктан алар өз убагында толук кандуу маалыматты, керектүү билимди алуулары тийиш. Балдардын финансылык мүмкүнчүлүгүнүн кеңейиши алардын жашоо-шартынын сапатына гана эмес, жалпы финансылык системасына таасир этет"-деди Улуттук банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов. Анын айтымында бул кампаниянын алкагында акчаны сактоонун маданияты, балдардын жана чоңдордун келечекте финансылык чечимдерди өз алдынча кабыл алуусуна сабак болуучу багыттар каралган. Негизинен эле бүгүнкү күндө калктын каржы боюнча сабаттуулугун жогорулатуу маселеси орчундуу. Ал заманбап жашоодогу реалдуулуктар менен түз байланышта болгондуктан, улуулар үчүн гана эмес, балдар үчүн да маанилүү. Ошого байланыштуу балдарды күнүмдүк жашоодо кезигүүчү айрым элементардык экономикалык түшүнүктөр менен тааныштыруу максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы орто мектептердин 3-6-класстарынын окуучулары үчүн кыргыз жана орус тилдеринде «Акча алиппеси» аттуу көрсөтмөлүү колдонмо китепчесин иштеп чыкты.



Эскерте кетсек, Кыргызстанда 9-марттан башталган «Дүйнөлүк акча жумалыгы» 17-мартка чейин созулмакчы.

**Дайырбек Мейманов**